Жооптор

1. В
2. А
3. В
4. А
5. Г
6. Г
7. А
8. А
9. Б
10. Г
11. Г
12. В
13. В
14. Г
15. Б
16. Б
17. В
18. В
19. Б
20. В
21. Б
22. Б
23. А
24. А
25. Г
26. Г
27. Г
28. Б
29. Б
30. В
31. В
32. Г
33. В
34. Б
35. Г
36. А
37. Б
38. В
39. А
40. В
41. А
42. В
43. А
44. В
45. Г
46. А
47. А
48. А
49. А
50. Г
51. В
52. В
53. Б
54. Б
55. Б
56. В
57. В
58. В
59. В
60. Б
61. Г
62. В
63. Б
64. В
65. А
66. Б
67. В
68. А
69. А
70. В
71. Б
72. Г
73. Г
74. В
75. Б
76. В
77. Г
78. Б
79. А
80. В
81. Г
82. Б
83. А
84. В
85. В
86. Г
87. А
88. Г
89. Г
90. Б
91. В
92. Б
93. Б
94. Б
95. В
96. Г
97. А
98. Б
99. Б
100. Б

«Климаттын өзгөрүшү» темасы боюнча ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ВИКТОРИНА

Жооптор

Викторинанын эрежелери

Климаттык викторина – бул “Климаттын өзгөрүшү” темасындагы кызыктуу суроолору бар карточкалардын негизиндеги оюн. Викторина суроолору "Климаттык кутуча" колдонмосун толуктап, материалды жакшыраак түшүнүүгө жана тез кайталап чыгууга жардам берет.

Комплектке суроолору бар 100 карточка кирет. Ар бир суроо үчүн тандоого мүмкүн болгон төрт жооп бар, алардын ичинен бирөө гана туура. Ар бир туура жооп үчүн викторинанын катышуучусу бир упай алат. Эң көп упай топтогон катышуучу жеңет.

Климаттык викторинанын бардык суроолору "Климаттык кутуча" колдонмосунун бөлүмдөрүнө ылайык үч темага бөлүнгөн:

1. Климаттын өзгөрүшү көйгөйү.
2. Климаттын өзгөрүшү жаратылышка жана адамдарга кандай таасир этет? Кутула алгыс кесепеттерге ыңгайлашуу мүмкүнбү?
3. Климаттын коркунучтуу өзгөрүүсүн кантип алдын алуу керек?

Алып баруучуга жардам берүү үчүн суроолорго туура жооптордун тизмеси «Жооптор» деген өзүнчө карточкада берилет.

«Климаттын өзгөрүшү» темасы боюнча ОКУУЧУЛАР ҮЧҮН ВИКТОРИНА

КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНҮН КЕСЕПЕТТЕРИ

1	XIX кылымдын ортосуна салыштырмалуу Жер бетинин орточо температурасы:
А	Өзгөргөн жок
Б	Төмөндөдү
В	Өстү
Г	Кескин өстү, анан кайра төмөндөдү

2 Акыркы 150 жылдын ичинде Жер бетинде температура канчага өстү?

А	1,2 °Сге
Б	2 °Сге
В	5 °Сге
Г	10 °Сге

3 Жер бетинин аба катмары эмне деп аталат?

А Гидросфера

Б Литосфера

В Атмосфера

Г Криосфера

4 Климат – бул:

А Белгилүү аймактагы аба ырайынын көп жылдык режими

Б Жаан-чачындын жыштыгын белгилөөчү аба ырайы

В Бир жуманын ичиндеги аба ырайынын абалы

Г Карыялардын эсинде калган аба ырайынын белгилери

5 Белгилүү бир аймактын климаттык мүнөздөмөсүндө төмөндөгү көрсөткүч-төрдүн кайсынысы колдонулбайт?

А Абанын температурасы

Б Жаан-чачындын режими

В Басымдуулук кылуучу шамалдар

Г Узундук

6 Испан шаары Барселонага мүнөздүү климаттын тиби кандай?

А	Экваториалдык
Б	Мелүүн
В	Тропикалык
Г	Субтропикалык

7 Нымдуурак климат … мүнөздүү:

А Ирландияга

Б Монголияга

В Түндүк Африкага

Г Грецияга

8	Кайсы климаттык алкакка абанын туруктуу жогорку температурасы жана жыл бою көп жаан-чачын мүнөздүү?
А	Экваторго
Б	Субэкваторго
В	Тропикалык алкакка
Г	Субтропикалык алкакка

9	Климаттын тибин аныктагыла: «Жайкысын орточо температура +30 °С, кышкысын – +20°С, жаан-чачын көп болот, бирок жаан-чачын негизинен жай мезгилинде көп болот».
А	Экватордук
Б	Субэкватордук
В	Тропикалык
Г	Субтропикалык

10 Түндүк жарым шарынын субэкваториалдык климаттык алкагында кышкысын кайсы аба массалары аракетте болот?

А Арктикалык

Б Мелүүн

В Экваториалдык

Г Тропикалык

11 Аба массасынын кайсы тибине жогорку температура жана төмөнкү нымдуулук мүнөздүү?

А Арктикалык алкак үчүн

Б Мелүүн алкак үчүн

В Экваториалдык алкак үчүн

Г Тропикалык алкак үчүн

12 Көлөкөдө абанын эң жогорку температурасы +56,7°C катталган планетанын аймагы:

А	Намиб чөлү
Б	Өлүк деңиз
В	Өлүм өрөөнү
Г	Сахара чөлү

13 Кайсы жерде климаттын ысышы батыраак жүрөт?

А	Түштүк Европада
Б	Тропикалык кеңдикте
В	Арктикада
Г	Түштүк жарым шарында

14 Аба ырайынын көрсөткүчүн аныктаган, ага байкоо жүргүзгөн жана аны изилдеген илим кандай аталат?

А	Климатология
Б	Гидрология
В	Гляциология
Г	Метеорология

15 Палеоклиматология илими эмнени изилдейт?

А	Адамдын ишмердүүлүгү менен байланыш-тагы климаттын заманбап өзгөрүшү
Б	Мурунку өтүп кеткен климат
В	Тоодогу климаттык шарт
Г	Келечектеги климат

16 Жердеги жүздөгөн жылдар мурунку климатты аныктоодо төмөндөгү усулдардын кайсынысын окумуштуулар колдонушат?

А	Даректардын жылдык шакекчелерин изилдөө
Б	Антарктида муздарындагы аба көбүкчөлөрүн изилдөө
В	Космостук спутниктен тартылган сүрөттөрдү изилдөө
Г	Метеорологиялык байкоолордун маалыматтарын изилдөө

17 Акыркы муз каптоо доору качан аяктаган?

А	Болжол менен 100 жыл мурун
Б	Болжол менен 1000 жыл мурун
В	Болжол менен 10 000 жыл мурун
Г	Болжол менен 100 000 жыл мурун

18 Окумуштуулардын божомолу менен кийинки муз доору качан болушу мүмкүн?

А	Эч качан
Б	1 – 3 млн жылдан кийин
В	10 – 30 миң жылдан кийин
Г	100 – 300 жылдан кийин

19	Төмөндө тизмеленген шарттардын кайсынысы климатка кыска убакытка таасир этет (бир нече же бир нече он жылдыктардын масштабында)?
А	Материктердин кыймылы
Б	Жанар тоонун атылышы
В	Жердин огунун бурчунун өзгөрүшү
Г	Адамдын ишмердүүлүгү менен байланыштагы парниктик газдардын ашыкча таралышы

20 Жанар тоолордун атылышы климатка кандай таасир этет?

А	Эч таасир этпейт
Б	Температуранын өсүшүнө алып келет
В	Температуранын төмөндөшүнө алып келет
Г	Кээ бир жерлерде температуранын өсүшүнө, кээ бир жерлерде төмөндөшүнө алып келет

21	Аталган газдардын кайсынысы парниктик газ?
А	Азот (N)
Б	Көмүр кычкыл газы (CO_2)
В	Из газы (CO)
Г	Кычкылтек (O_2)

22	Адамдын ишмердүүлүгү менен байланыштагы бардык бөлүнүп чыккан парниктик газдардын 75%на кайсы парниктик газ туура келет?
А	Метан (CH_4)
Б	Көмүр кычкыл газы (CO_2)
В	Күкүрттүн гексафториди (SF_6)
Г	Диазоттун оксиди (N_2O)

КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНҮН КЕСЕПЕТТЕРИ

23	Климаттын ысышындагы Дүйнөлүк океандын деңгээли:
А	Жогорулайт
Б	Төмөндөйт
В	Өзгөрбөйт
Г	Баалоо мүмкүн эмес

24 Ушул жүз жылдыкта, эгер океандын деңгээли жогоруласа, төмөндө берилген өлкөлөрдүн кайсынысы көбүрөөк жабыркайт?

А	Бангладеш
Б	Швейцария
В	Австрия
Г	Непал

25 Окумуштуулардын божомолу боюнча 21-кылымдын акырында Кыргызстандагы мөңгүлөр кандай өзгөрөт?

А	Белгилүү бир деңгээлде жогорулайт
Б	Белгилүү бир деңгээлде төмөндөйт
В	Өзгөрбөйт
Г	Билинер-билинбес азаят

26 «Едомы» деген эмне?

А	Тайга токойлорундагы азык катары колдонула турган өсүмдүктөр
Б	Дарыянын кургап калган, эски агыны
В	Ак аюуларга оңой олжо болуучу тюлендер
Г	Бузулган, жок болуп бара жаткан аралдар

27 Дүйнөнүн кайсы аймактарында торнадо жана куюндар көбүрөөк жүрөт?

А	Борбордук Азияда
Б	Арктикада
В	Африканын батыш жээктеринде
Г	АКШнын борбордук жана түштүк штаттарында

28	Төмөндө саналган кооптуу табигый кубулуштардын жыштыгына климаттын өзгөрүшү эч таасир этпейт:
А	Кургакчылык
Б	Жер титирөө
В	Куюн же торнадо
Г	Кар көчкүлөрү

29 Эскимостор кандай турак жайды кар жок кура албайт?

А	Боз үй
Б	Тикен
В	Айыл
Г	Вигвам

30 Түрдүк ар түрдүүлүккө эң бай экосистема:

А	Коралл рифтери
Б	Тайга токойлору
В	Тропикалык токойлор
Г	Африкадагы саванналар

31 Дүйнөлүк океандын температурасынын өсүшү жана деңгээлинин жогорулашы кайсы экосистемаларга таасири жок?

А Деңиз толкундары урган экосистеманын туздуу жээктерине

Б Коралл рифтерине

В Альпы шалбааларына

Г Мангр токойлоруна

32	Өзүңдү экотурист катары сезесиңби, эгер:
А	Талаада тамакты от жагып даярдай алсаң
Б	Планетадагы эң кооз жерлерге саякаттасаң
В	Сейрек кездешүүчү жаныбарларга байкоо жүргүзсөң
Г	Саякаттап жүргөндө жаратылышка азыраак таасир этүүгө аракет кылсаң

33	Бардык чарбалык иштерге тыюу салынган:
А	Жаратылыш парктарында
Б	Корукчаларда
В	Коруктарда
Г	Улуттук жаратылыш парктарында

34	Биосфералык корукта корголот:
А	Бүткүл биосфера
Б	Кадимки табигый коомдоштуктар – биоценоздор
В	Аңчылыкта колдонулуучу сейрек түрлөр
Г	Эң кооз табигый объекттер

35 Токойлорунун аянты боюнча дүйнөдө кайсы өлкө биринчи орунда турат?

А	Канада
Б	АКШ
В	Бразилия
Г	Россия

36 Тайганын түндүк чек арасын кайсы климаттык шарт аныктайт?

А	Температура
Б	Жаан-чачындын саны
В	Атмосфералык басым
Г	Күндүн бүркөлүшү – булут каптагандык

37	Түндүк жарым шарынын мелүүн климаттык алкагында кайсы климаттык шарт токойлордун түндүк чек арасын аныктайт?
А	Температура
Б	Жаан-чачындын саны
В	Атмосфералык басым
Г	Булут каптагандык – күндүн бүркөлүшү

38 Кыргызстандагы кайсы токойлор эң байыркы?

А	Карагай токойлору
Б	Арча токойлору
В	Жаңгак токойлору
Г	Жазы жалбыраktуу токойлор

39 Түндүк Америкада кайсы жазы жалбыраktуу даraктар кеңири таралган?

А	Зараң
Б	Ак чечек
В	Ольха
Г	Тал

40 Климаттын өзгөрүшү Кыргызстандын кайсы аймактарына күчтүүрөөк таасир этет?

А Өрөөндөргө

Б Тоолорго

В Жарым чөлдөргө

Г Шалбааларга

41 Жаш, жаңы жетилип келе жаткан токойлордо көмүртектин жутулушу:

А	Жогору
Б	Төмөн
В	Эч өзгөрүү болбойт
Г	Жаш токойлор көмүртекти жоготот

42 Эски даректары көп токойлордо көмүртекти жутуу жана бөлүп чыгаруунун катышы кандай?

А	Бөлүнүп чыккандан көбүрөөк жутулат
Б	Жутулгандан көбүрөөк бөлүнүп чыгат
В	Жутулганы менен бөлүнүп чыгышы болжол менен бирдей
Г	Эски даректар көмүртекти жута албайт

43 Канаданын токойлору атмосферадагы көмүртектин кармалышына кандай таасир этет?

А	Көмүр кычкыл газынын агыны болуп эсептелет
Б	Көмүр кычкыл газынын булагы болуп эсептелет
В	Бөлүнүп чыккан саны жутулган санына барабар
Г	Атмосфера менен газ алмашуу жок

44 Тузсуз, ичүүгө жарактуу суунун көп запасы Жер бетинде кайсы жерде топтолгон:

А Көлдөрдө

Б Дарыяларда

В Мөңгүлөрдө

Г Жер астындагы суулардa

45 Адам колдонгон бардык таза суунун 70 % эмнеде колдонулат?

А	Ичүүдө
Б	Тамак даярдоодо
В	Санитардык муктаждыкта
Г	Сугатта

46 Дүйнөнүн төмөндөгү аймактарынын кайсынысы күчтүү кургакчылыкка дуушар болушат?

А	Борбордук Африка
Б	Түштүк-Чыгыш Азия
В	Кариб деңизинин майда аралдарында
Г	Скандинавиянын өлкөлөрү

47	Борбордук Азиянын өлкөлөрү жакынкы он жылдыкта көбүрөөк кездештирген негизги климаттык маселелер:
А	Суунун жетишсиздиги
Б	Өтө нымдуулук
В	Көп жылдык тоңдордун эриши
Г	Тропикалык циклондор

48	Дүйнөлүк океандын деңгээлинин жогорулоосунун негизинде Түштүк-Чыгыш Азиянын кайсы маданий өсүмдүктөрүн өндүрүү бир кыйла кыскарат?
А	Күрүч
Б	Буудай
В	Арпа
Г	Жүгөрү

49 Тоодо климаттын өзгөрүшүнүн негизги индикатору – бул:

А	Мөңгүлөрдүн эриши
Б	Тоолорду жердеген сары чычкандардын санынын кыскарышы
В	Тоодогу дарыялардын солуп калышы
Г	Жаан-чачындын санынын азайышы

50	Климаттын өзгөрүшүнүн негизинде тоолорго арналган кайсы чыгарманын аталышы фантастика болуп калышы мүмкүн?
А	Р. Бёрнс «Булуттар түнөгөн аскалуу тоолор...»
Б	М. Ю. Лермонтов «Кавказдык туткун»
В	Э. Бронте «Чагылгандуу ашуу»
Г	Э. Хемингуэй «Килиманджаронун карлары»

51 Тоолордогу сел – бул:

А	Тоонун бети аркылуу түшкөн кардын массасы
Б	Суунун катуу капташы
В	Таштуу, ылай аралаш агын
Г	Бороондуу шамал

52 Климаттын өзгөрүшүнүн негизинде кээ бир муздуу көлдөр эмне үчүн чоң коркунучтарды жаратат?

А	Сууда зыяндуу химиялык бирикмелер түзүлөт
Б	Температуранын өсүшүнүн негизинде суу өтө эле ысып кетет
В	Мөңгүлөрдүн эришинен көлдүн суусунун деңгээли жогорулап, суу каптоого жана селдин жүрүшүнө алып келет
Г	Чагып алса катуу ооруткан, коркунучтуу курт-кумурскалар көлдөрдө пайда болот

53	Тоолуу аймактар үчүн мүнөздүү болгон кайсы чарбалык иштердин тармактары климаттын өзгөрүшүнөн азыраак таасирленет?
А	Туризм
Б	Пайдалуу кен байлыктарды казып алуу
В	Айыл чарбасы
Г	Гидроэлектроэнергияны өндүрүү

54	Климаттын өзгөрүшү менен байланыштагы ичегинин жугуштуу курч илдеттеринин саны Кыргызстанда окумуштуулардын божомолу боюнча ...
А	Өсөт
Б	Белгилүү бир деңгээлде кыскарат
В	Өзгөрбөйт
Г	Анча-мынча кыскарат

55 Акыркы 40 жылда Арктиканын муздуу тоңдорунун аянты канчага кыскарды?

А	10 %га
Б	20 %га
В	50 %га
Г	100 %га

56	Климаттын өзгөрүшү менен байланыштагы кайсы кубулуштар Арктикадагы адамдардын тиричилигине жана анын экосистемасына азыраак даражада таасир этет?
А	Шамалдын күчөшү (алай-дүлөй бурганак жана деңиздеги катуу шамал)
Б	Деңиз муздарынын калыңдыгынын жана аянттарынын кыскарышы
В	Жай мезгилдеринде ысык толкундардын узактыгы
Г	Көп жылдык тоңдордун эриши

57 “Жылуулук аралдары” деген эмне?

А	Тропикалык кеңдикте жайгашкан аралдар
Б	Деңиз деңгээлинин жогорулоосунун негизинде суу астында калуу коркунучу жаралган арал
В	Чет жакаларына салыштырмалуу температурасы жогорураак ири шаардын борбору
Г	Токойдун өрттө күйүп кеткен бөлүгү

58 Климаттын ысышынын негизинде төмөндөгү адамдардын кимиси биринчилерден болуп жумушунан айрылат?

А Сингапурдагы банкир

Б Индиядагы мугалим

В Кениядагы фермер

Г Мексикадагы өрт өчүргүч

59 Төмөндөгү адамдардын кимиси климаттык мигрант болуп эсептелет?

А	Турциянын деңиздеринин жээгине жашоо үчүн көчүп келген немец ардагери
Б	Германияга иштеп каражат табуу үчүн кеткен түрк жумушчусу
В	Күчтүү бороондон анын айылы жашоого жараксыз болуп калгандыктан Гаитинин АКШда жашоого көчүп кеткен тургуну
Г	Жогорку айлык маяна сунуш кылгандыгына байланыштуу Техастын түштүк штатынан түндүк штаты Монтанага көчүп кеткен фермер

60	Дүйнөдөгү жалпы калктын канча пайызы эң жакырчылыкта жашайт?
А	50 %
Б	35 %
В	15 %
Г	7 %

61 Кайсы өлкөнүн калкы эң аз кирешеге ээ?

А Бразилия

Б Германия

В Түркмөнстан

Г Эфиопия

КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮШҮНҮН КЕСЕПЕТТЕРИН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ ЖАНА КӨМҮРТЕКТИК ИЗ

62	Адамдын ишмердүүлүгү менен байланыштагы парниктик газдарды бөлүп чыгарган негизги булак:
А	Токойлордун кыйылышы
Б	Автомобиль транспорту
В	Энергияны өндүрүү жана иштетүү
Г	Айыл чарбасы

63 Кайсы өлкөдө эң көп парниктик газдар бөлүнүп чыгат?

А	АКШ
Б	Кытай
В	Россия
Г	Улуу Британия

64 Төмөндөгү энергиянын кайсы булактары калыбына келбейт?

А	Суунун көтөрүлүүсү жана тартылуусу
Б	Биологиялык отун
В	Мунай
Г	Күн энергиясы

65 Төмөндөгү энергиянын кайсы булактары углеводороддук сырье болуп эсептелбейт?

А	Уран
Б	Жаратылыш газы
В	Чым көң
Г	Күрөң көмүр

66 Кайсы энергиянын булагы дүйнөдө көбүрөөк колдонулган энергияга кирет?

А Жаратылыш газы

Б Мунай

В Жыгач отун

Г Шамал энергиясы

67 Кайсы энергиянын булагын колдонгондо парниктик газдар аз бөлүнүп чыгат?

А Күрөң көмүр

Б Жаратылыш газы

В Күн энергиясы

Г Мунай

68 Өндүрүлгөн энергиянын бирдигине карата парниктик газдарды энергиянын кайсы булагы көбүрөөк бөлүп чыгарат?

А	Көмүр
Б	Күн энергиясы
В	Мунай
Г	Жаратылыш газы

69 Мунайдан кайсы затты алууга мүмкүн эмес, алынбайт?

А	Айнек
Б	Резина
В	Пластмасса
Г	Газ

70 Жылуулук электр борбору (ЖЭБ) менен жылуулук электр станциясы (ЖЭС) эмне менен айырмаланат?

А Жылуулук электр борборлору (ЖЭБ) сууну ысытат, ал эми жылуулук электр станцияларында (ЖЭС) электр кубаты иштелип чыгат.

Б Жылуулук энергия борборлорунда (ЖЭБ) ири шаарлар үчүн электр кубаты иштелип чыкса, жылуулук электр станциясында (ЖЭС) электр кубаты кичи шаарлар жана кыштактар үчүн иштелип чыгат.

В Жылуулук электр борборлорунда (ЖЭБ) электр кубаты жана жылуулук иштелип чыкса, жылуулук электр станцияларында (ЖЭС) электр кубаты гана иштелип чыгат.

Г Жылуулук электр борбору (ЖЭБ) – бул борбордук бөлүштүрүүчү станция, ал өзүнөн кичирээк жылуулук электр станцияларынан (ЖЭС) энергия алат.

71 Атомдук станциялардын эң башкы маселеси эмнеде?

А	Көмүр кычкыл газын көбүрөөк бөлүп чыгарат
Б	Алар коркунучтуу радиоактивдүү калдыктарды түзөт, катастрофалык авариялардын жаралуу тобокели бар
В	Станциялардын курулушу үчүн ылайыктуу аянттарды табуу татаал
Г	Жер астында ядролук отун дээрлик калган жок

72 Оффшордук шамал парктары…курулууда:

А	Кургактыкта жээкти бойлой
Б	Океандын ортосунда
В	Тоодо
Г	Деңизде, деңиз жээгине жакын

73	**Биомасса энергиянын калыбына келүүчү булагыбы?**
А	**Жок, байыркы организмдердин калдыктары жердин тереңдигинде калыбына келбейт да**
Б	**Жок, ал күйгөндө анын энергиясы электрге айланат**
В	**Ооба, анткени энергия жок болуп кетпейт да**
Г	**Ооба, анткени өсүмдүктөр кайра өсүп жатпайбы**

74 Бразилияда автоунаанын отунунун 1/5 бөлүгү эмнеден өндүрүлөт?

А Банандын кабыгынан

Б Кофенин данчасынан

В Кант тростнигинен

Г Кокос майынан

75 Электр станцияларынын кайсынысы гидроэнергетика менен байланышы жок?

А	ГЭС
Б	ГРЭС
В	ГАЭС
Г	ПЭС

76 Европанын кайсы өлкөсү жанар тоолордун активдүүлүгү менен белгилүү, жана жалпы электр энергиясынын 1/3 бөлүгү геотермалдык станциялардан өндүрүлөт?

А	Испания
Б	Италия
В	Исландия
Г	Ирландия

77	Дүйнөдө өндүрүлгөн электр энергиясынын жалпы көлөмүнүн кандай үлүшү калыбына келүүчү булактарга туура келет (гидроэлектростанцияларды дагы эске алганда)?
А	5 % азыраак
Б	10 %
В	15 %
Г	20 % көбүрөөк

78 Дүйнөдө кайсы өлкө биринчи жолу 40 % электр энергиясын шамал электр станция-лары аркылуу өндүрө баштаган?

А	Австралия
Б	Дания
В	АКШ
Г	Улуу Британия

79 Кайсы шаарда күн энергиясын колдонуу натыйжалуу?

А Каирде

Б Ослодо

В Лондондо

Г Москвада

80 Дүйнөдө биринчи жолу кайсы өлкөдө мезгилдүү толкундардын электр станциялары курулган?

А Жапонияда

Б Улуу Британияда

В Францияда

Г АКШда

81	Европа биримдигинин өлкөлөрү өндүргөн приборлордогу класс “А“ деген белги эмнени түшүндүрөт?
А	Приборлор энергияны үнөмдөгөн заводдордо жасалган
Б	Ушул приборлор тиричиликте эң аз зыяндуу
В	Күчтүү приборлор
Г	Приборлор азыраак электр энергиясын колдонот

82 Жылуулук көрсөтүүчү приборлор кайсы көрсөткүчтөрдү ченешет?

А	Коомдук жайлар менен үйлөрдөгү жылуулук трубаларынын жылуулук жоготуусун
Б	Бир нерсенин бети аркылуу температуранын бөлүштүрүлүшү, мисалы, үйдүн шыбынын бети
В	Өндүрүш ишканаларынан көмүр кычкыл газынын бөлүнүп чыгышы
Г	Имараттын жылышы үчүн жылуулуктун чыгымы

83	Имараттын ичиндеги температуранын жогорулоосу экологиялык эмес болуп эсептелет:
А	Электр жылыткычтарын колдонуу
Б	Жылуулуктун радиаторлорунун аркасында-гы жылуулукту чагылдырууну колдонуу
В	Кире бериштеги эшикти жылуулоо
Г	Терезенин четтерин герметизациялоо

84 Энергия үнөмдөөчү лампалардын кымбаттыгына карабай эмне үчүн жарыктандырууда светодиоддук лампалар колдонулат?

А Алардын шамчырактардын типтерине туура келген ар башка дизайндагылары кездешет

Б Аларды кадимки таштанды контейнерине тыштай берүүгө болот, калдыктарды кайрадан иштетүү үчүн өзгөчө эреже колдонушпайт

В Аларда зыяндуу сымап кармалбайт, алар узагыраак колдонулат жана энергияны аз сарптайт

Г Аларды сындырууга мүмкүн эмес, анткени алар өзгөчө курамдагы бышык пластиктен жасалат

85 Көмүртектик из деген эмне?

А	Планетанын бардык өндүрүш ишканаларынан атмосферага бөлүнүп чыккан көмүр кычкыл газы
Б	Жердин токойлорунда сакталган көмүртектин жалпы запасы
В	Адамдан, ишканадан, иш-чаралардан, азык-түлүктөрдөн, шаарлардан, мамлекеттен түз же кыйыр иштелип чыккан жалпы парниктик газдардын бөлүнүп чыгышы
Г	Мунайды, жаратылыш газын электр энергиясын алуу үчүн күйгүзүү процессинде көмүртектин көрөңгөсүнүн көмүр кычкыл газына айлануусу

86 CO_2 эквиваленти деген эмне?

А	Бир нече ишканалар же уюмдар аркылуу атмосферага бөлүнүп чыккан көмүр кычкыл газынын көлөмү
Б	Имараттын жылуулугуна чыгымдалган жылуулукту үнөмдөөнүн көлөмү
В	Башка кайсы гана болбосун газдарды, CO_2 менен климатка тийгизген таасирин салыштыруу
Г	Бардык парниктик газдардын бөлүнүп чыгуусунун көлөмү, эсептөөгө оңой болсун үчүн көмүр кычкыл газынын көлөмүнө туура келиши

87 Үйдөгү приборлордун энергия натыйжалуулугун аныктоого эмне жардам берет?

А Энергия натыйжалуулуктун этикеткалары

Б Электр эсептегичтердин көрсөткүчү

В Приборлордун иштөө мөөнөтү

Г Өндүрүлгөн прибордун материалы

88 Адам же компания өзүнүн көмүртектик изин кантип жоё алат?

А	Энергия натыйжалуу жаңы приборлорду тандоо
Б	Приборлорду жана жарыктандырууну кереги жок кезде өчүрүп коюу
В	Жарыктандыруучу приборлордун санын кыскартуу
Г	Даректарды отургузуу

89 Кайсы транспорттун түрүнө эң көп сандагы парниктик газдар туура келет?

А	Темир жол транспортуна
Б	Деңиз транспортуна
В	Авиациялык транспортко
Г	Автоунаага

90 “Карпул” деген эмне?

А	Күн батарея менен жүргөн жаңы автоунаа
Б	Автоунаада бир нече адамдын экинчи жерге баруусу
В	Автоунаанын кыймылдаткычына экологиялык стандарт
Г	Электромобилдердин атайын токтотуучу адистешкен жайы

91	Шаар ичинде бир жерден экинчи жерге жүрүүнүн кайсы жолу климат менен байланыштуу?
А	Коомдук унаа, мисалы, автобус
Б	Велосипед
В	Карпул – бир автоунаада бир нече адамдын бир жакка баруусу
Г	Мисалы, жумушка барууда

92 Активдүү үй – бул:

А Энергия жумшалбайт

Б Энергия өндүрүлөт

В Бардыгы компьютердик система менен башкарылат

Г Экологиялык кыймылдын активисттери да бар

93 Түндүктүк өлкөлөрдө «пассивдүү» үй – бул:

А	Энергияны колдонбоо
Б	Жакшы жылууланган. Энергияны деги эле жоготпойт
В	Курулуш нормаларына туура келбейт
Г	Компьютердик жөнгө салуу колдонулбайт

94 Үйдүн жылуулугу үйдөн эмне аркылуу чыгат?

А	Пол
Б	Терезе
В	Дубал
Г	Шып

95 Кайсы таштанды көптө барып чирийт?

А	Кагаз
Б	Тамак-аш калдыктары
В	Пластик
Г	Темир

96 Өзүмдүн көмүртектик изимди төмөндөтүү үчүн кайсы баштык менен продуктуга барган оң?

А	Баштык кереги жок: дүкөндөн бир жолу колдонулуучу полиэтилен пакетин алса болот
Б	Өзүмдүн полиэтилен пакетим менен
В	Кагаз пакет менен
Г	Лён же кебез кездемеден тигилген

97 Ата-энеңер менен бирдикте сатып алган кайсы тамак-ашта көмүртектик из анча көп эмес?

А	Жергиликтүү өндүрүштүн продуктуларында
Б	Алынып келген продуктуларда
В	Кошуна өлкөлөрдөн алынып келген продуктуларда
Г	Ыраакы өлкөлөрдөн алынып келген экзотикалык продуктуларда

98 Энергонатыйжалуу кастрюлду туура колдонуу боюнча кайсы кеңеш туура?

А	Кастрюлдун түбү ичин карай кирип туруу керек
Б	Капкагы жабык болуу керек
В	Түбү күйгүчтөн биртке кичине болуу керек
Г	Кастрюлдун капкагы дайыма ачык туруу керек

99 Дүйнө боюнча кайсы өлкөдө биринчи жолу активдүү үй курулган?

А	Кытай
Б	Дания
В	Испания
Г	АКШ

100	Киот токтому кайсы өлкөдө кабыл алынган?
А	АКШ
Б	Жапония
В	Германия
Г	Франция